ОБСЕ

Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюм

# ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ӨЛЧӨМ

## ТАРЫХИЙ МААЛЫМКАТ

Экономикалык жана экология маселеси ар дайым ОБСЕнин күн тартибинде турган маселе болгон, бул Уюмдун коопсуздукка карата бардыгын камтыган мамилесинин чагылдырылышы болуп саналат.

1975-жылы Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешмеге (СБСЕ) катышкан мамлекеттер Хельсинкиде өздөрүнүн ынанымдарынын Корутунду актында «соода, өнөржай, илим жана техника, курчап турган чөйрө жагында, ошондой эле экономикалык иш жагындагы кызматташтык өнүктүрүүгө багытталган күч-аракеттер Европадагы жана бүткүл дүйнөдөгү тынчтыкты жана коопсуздукту чыңдоого көмөк көрсөтө тургандыгына» ынанышкан. Ушул маселелер Хельсинкинин Корутунду актысынын «экинчи куржуну» деп аталган нерсени түзгөн, ал кийинчерээк «экономикалык жана экологиялык өлчөм» (ЭЭӨ) деген атка конгон.

СБСЕнин, кийинчерээк ОБСЕнин[1] экинчи өлчөмүнүн эволюциясындагы эң ири учурлардын бири Европадагы экономикалык кызматташтык боюнча Бонн конференциясы (1990-жыл) болуп калган. Катышкан-мамлекеттер рынок экономикасына берилгендиктерин билдирүү менен экономикалык кызматташтыкты жигердештирүүгө карай жол ачкан. «Темир көшөгөнүн» кыйрашы менен социалдык-экономикалык жактардагы кызматаштыкаа мурда тоскоол болуп келген ажыратуучу оор тилке жок болду.

Коопсуздукка өзүнүн жалпы мамилесинин чегинде ОБСЕ бул жагындагы тилектештик жана кызматташтык тынчтыкты чыңдоого, гүлдөп-өнүгүүгө жана туруктуулукка көмөк көрсөтүшү мүмкүн экендигине негизденүү менен экономика жана курчап турган чөйрө жагында иш жүргүзөт. Тескерисинче, олуттуу көңүл бурулбаган экономикалык жана экологиялык маселелер мамлекеттердин ичинде жана алардын ортосунда абалдын ого бетер оорлотушу мүмкүн.

Катышкан-мамлекеттиктер командалык экономикадан рынок экономикасына өтүү процессинде жана коопсуздукка экономикалык жана экологиялык коркунучтун өсүшүндө алар бул жагында СБСЕнин ролун жогорулатууну каалашты.

Төмөнкүлөрдү түзүү жолу менен экинчи өлчөмдү ыраатуу институтташтыруу процесси ушунун натыйжасы болуп калды:

- жыл сайын чакырылуучу Экономикалык форум - 1992-жыл;
- ОБСЕнин экономика жана курчап турган чөйрө жагындагы ишинин Координаторунун Бюросу – 1997-жыл;
- экономикалык жана экологиялык маселелер боюнча Туруктуу кеңештин чакан комитети – 2001-жыл.

## ОБСЕНИН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ӨЛЧӨМ ЖАГЫНДАГЫ СТРАТЕГИЯЛЫК ДОКУМЕНТИ

2003-жылы декабрда министрлер Кеңешинин Маастрихтеги жолугушуусунда катышкан-мамлекеттер экономикалык жана экологиялык өлчөм жагында стратегиялык документти кабыл алышты.

[1] 1995-жылы 1-январда СБСЕ расмий түрдө ОБСЕ деп аталып калган.

Бул документте алар соңку он жылдыктарда пай да болгон коопсуздукка карата коркунучтарга жана эрөөлдөргө каршы туруу максатында экономикалык кызматташтыкка тиешелүү милдеттенмелердин комплексин, талаптагыдай башкарууну, туруктуу өнүгүүнү жана курчап турган чөйрөнү коргоону макулдашты.

Ушундай коркунучтардын арасында – мамлекеттердин ортосунданы жана аларлын ичиндеги экономикалык теңсиздиктердин өсүшү, туташ кедейлик, жумушсуздуктун жогорку деңгээли, коррупция, мыйзамдын үстөмдүгүнүн жана талаптагыдай башкаруунун камсыз кылынбагандыгы бар эле. Инвестициялардын агымына бөгөт коюп, экономикалык өсүшкө тоскоолдук кылып жана экономикалык мыйзамсыз иштерди жана мыйзамсыз миграцияны кубаттоо менен бул факторлор коопсуздукту бүлгүнгө учуратышы мүмкүн эле. Андан тышкары алар терроризм, куралдуу экстремизм, трансулуттук уюшкан кылмыштуулук, ошондой эле адамдарды соодалоо, баңгизаттарды, жеңил жана ок атуучу куралдарды мыйзамсыз ташуу сыяктуу глобалдык коркунучтардын курчуп кетишине алып келиши мүмкүн. Ар кандай жамааттар менен өлкөлөрдүн ортосундагы мамилелердеги кошумча оорчулукту курчап турган чөйрөнүн абалынын начарлашы, жаратылыш ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу жана алардын жетишсиздиги да пайда кылышы мүмкүн.

## ЭКОНОМИКА ЖАНА КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨ ЖАГЫНДАГЫ ОБСЕНИН ИШИНИН КООРДИНАТОРУНУН БЮРОСУ (БКДЭОС)

### Координатор

1997-жылы ноябрда 55 катышкан-мамлекеттер ОБСЕнин Катчылыгынын курамында экономика жана курчап турган чөйрө жагында ОБСЕнин ишинин координаторунун кызмат ордун уюштурууга токтом кылышкан.

Иштеп жаткан Төрагага колдоо көрсөтө турган Координатордун функциясы анын тийиштүү чакан комитеттери аркылуу коопсуздуктун экономикалык, социалдык жана экологиялык аспекттерине тиешелүү маселелерди чечүү боюнча Туруктуу Кеңештин потенциалын чыңдоо болуп саналат. Катышкан-мамлекеттерге өздөрүнүн милдеттенмелерин аткарууга жардам берүү менен Координтатор көңүлүн, атап айтканда, ОБСЕнин стратегиялык документинде белгиленген экинчи өлчөмдүн артыкчылыктуу милдеттерин чечүүгө топтоду.

Азыркы учурда Координатордун кызматкерлеринин шататы 12 кишиден турат.

### БКДЭОСтун негизги милдеттери

Координатордун бюросу төмөнкү негизги милдеттерди чечет:

- ар кандай жаңжалдуу коркунучтарга катышкан мамлекеттердин көңүлүн буруу максатында коопсуздукка экономикалык эана экологиялык (ЭЭ) коркунучтарды эанга эрөөлдөрдү табуу;
- саясатты иштеп чыгууга жооп берген адамдардын ЭЭ коопсуздукка коркунучтар жана эрөөлдөр жөнүндө маалымдар болушун жогорулатуу;
- ЭЭ жагындагы жүрүш-туруштун бирдиктүү стандарттарын жана ченемдерин иштеп чыгууга жана сактоого көмөк көрсөтүү;
- коопсуздукту жогорулатуу максатында ЭЭ саясатынын баяндалышына жардам берүү;
- жер-жерлерде ОБСЕнин түзүмдөрүнүн ишинде ЭЭнин курамын күчөтүү;
- тийиштүү иш-чаралардын жана долбоорлор аркылуу маселереди чечүү боюнча ачык-айкын аракеттердин катализаторунун роун аткаруу;
- эларалык тийиштүү уюмдар менен кызматташтыкты кеңейтүү жана алардын көңүлүн коопсуздук жагындагы маселелерди табууга буруу;
- кызыкдар тараптарга бейтарап аймакта жолугуу мүмкүнчүлүгүн берүү жана тигил же бул маселени конструктивдүү, кызматташтык духунда крап чыгуу;
- ОБСЕнин өкмөттүк эмес уюмдар (НПО) жана жеке сектор менен карым-катнашын кеңейтүү.

## ТҮЗҮМДӨРДҮН ЖЕР-ЖЕРЛЕРДЕГИ ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА КЫЗМАТКЕРЛЕРИ

Экономикалык жана экологиялык маселелер боюнча кызматкерлер ЭЭнин коопсуздугу менен байланышкан маселелерди чечүүдө маанилүү роль ойнойт.

Өкмөттүн, жеке сектордун, жарандык коомдун жана эларалык шериктештиктин өкүлдөрү менен байланышты жана карымкатнашты туруктуу негизде кармап туруу менен ал кызматкерлер экономика жана экология жагындагы жергиликтүү деңгээлдеги иштин абалын көрсөтүп турган барометрдин ролунда чыгышат.

Алар катышкан-мамлекеттерге экинчи өлчөмдө коопсуздукка келтирилген коркунучтарды жокко чыгарууда жардам бере турган долбоорлорду иштеп чыгууда жана жүзөгө ашырууда табылгыс кызматкерлер.

Координатордун бюросу ал кызматкерлерге штаб-квартиранын деңгээлинде саясий колдоону мобилизациялоо, карым-катнаштарды түзүүгө жана финансылоону камсыз кылууга жардам берүү менен көмөк көрсөтөт.

## ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ӨЛЧӨМ ЖАГЫНДАГЫ ИШ

Координатордун бюросу өзүнчө бир катализа тордун ролунда чыгуу менен катышкан-мамлекеттерге ЭЭ боюнча өздөрүнө алган милдеттенмелер-

ди аткарууга консультациялык жана башкача көмөк көрсөтөт. Бул иш командалык экономикадан рыноктук экономикага өтүүнү жеңилдетүүгөө жана коопсуздукка ЭЭ коркунучуна каршы аракеттенүүгө багытталган. Анын максаты – рынок экономикасынын принциптерин бекемдөө, экономикалык кызматташтык үчүн шарт түзүү, талаптагыдай башкарууну чыңдоо, төмөнкүлөрдү жолу менен курчап турган чөйрөнү туруктуу өнүктүрүү жана коргоо:

- регионduк жана глобалдык экономикалык интеграцияга көмөк көрсөтүү, ошондой эле соодага жана рынокторго ээ болуу;
- ишкердикке, инвесторлор үчүн ылайыктуу жана экономикалык өсүштү колдоого алган чөйрөнү калыптандыруу;
- чакан жана орто ишканалардын өнүгүшүн колдоо;
- аялуу топтордун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана тартта калган райондордо экономикалык өсүшкө дем берүү;
- адам ресурстарынын жана өткөөл экономикасы бар өлкөлөрдө ишкердик маанайды өнүктүрүү;
- коррупцияга каршы күрөшүү таламында мамлекеттик сектордун транспаренттүүлүгүн жана отчет берүүчүлүгүн жогорулатуу;
- мыйзамсыз экономикалык ишке жана терроризмди финансылоого каршы күрөшүү;
- коопсуздукка экологиялык коркунучтун масштабын кыскартуу жана курчап турган чөйрөнү мамлекеттер ортосундагы кызматташтыкты чыңдоо жана ишенимди чыңдоо каражаты катары пайдалануу;
- жарандардын маалымат алууга жана курчап турган чөйрө маселекси боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусун (Орхус конвенциясы) кубаттоо.

## УЧУРДАГЫ ДОЛБООРЛОР

БКДЭОС жана жер-жерлердеги анын түзүмдөрү төмөнкүдөй долбоорлорду иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышат:

- адамдарды соодалоонун алдын алууда мамлекеттик жана жеке сектордун ортосуендагы кызматташтык программасы;
- акчаларды адалдоо жана терроризмди финансылоого каршы күрөшүү маселеси боюнча ар кайсы өлкөлөрдө тажрыйбадык семинарларды өткөрүү;
- ООНдун коррупцияга каршы Конвенциясын колдоо жагындагы иш;
- Коррупцияга каршы күрөшүү жагындагы эң мыкты тажрыйбага арналган китепче;
- «Адилеттүү ишке орношуу» долбоору;
- «Түштүк Кавказдын сууларына байкоо жүргүзүү жана пайдалануу» долбоору;
- «Курчап турган чөйрө жана коопсуздук» демилгеси (www.envsec.org);
- Чүй жана Талас дарыяларынын суу ресурстары боюнча эки тараптуу мамлекеттер аралык комиссияны түзүү боюнча долбоор.

## ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА ЧАКАН КОМИТЕТ

Экономикалык жана экологиялык маселелер боюнча Туруктуу кеңештин чакан комитети 2001-жылы декабрда ОБСЕнин министрлер Кеңешитнин тогузунчу жолугушуусунун (Бухарест) чечими менен уюшулган. Чакан комитет:

- ЭЭ жагында артыкчылыктарды талкуулоо жана анын иштеши үчүн кызмат кылат;
- БКДЭОСтун ишине багыт берет;
- ЭЭ жагында жүргүзүлгөн иштер жөнүндө докладды сунуш кылат:
- атайын билимдерди жана тажрыйба алмашууну, башка тийиштүү эларалык институттар менен кызматташуу жана аракеттерди координациялоону жеңилдетет.

## ЭКОНОМИКАЛЫК ФОРУМ (ЭФ)

1992-жылы министрлер Кеңешинин Париж жолугушуусунда СБСЕге катышкан-мамлекеттердин министрлери ар жылы чакырыла турган Экономикакалык форумду – эркин базар экономикасына өтүү маселеси жана аны өнүктүрүү маселеси СБСЕнин (азыркы ОБСЕнин) көңүлүнүн борборунда болуп, бул процесстер демократияны куруу жана туруктуусту чыңдоо ишинде ойной турган негизги ролду эске алуу үчүн уюштурушкан.

Азыркы учурда Форумда ар бир жолугушуунун алдында үч даярдык көрүү семинарлары өткөрүлөт. Экономикалык жана экологиялык өлчөм жагындагы ар жылдык кыйла ири иш-чара болуу менен Форум тийиштүү иштин борбордук өзөгү болуп саналат. Экономикалык жана экологиялык мүнөздөгү ири маселелер темасы болуп калган Форум кийинки иш-чаралар жөнүндө ачык-айкын сунуштарды жана рекомендацияларды иштеп чыгууга өз салымын кошот. Андан тышкары Форумдун ар жылдык ар бир жолку жыйналышы катышкан-мамлекеттердин негизги документтерде бөелгиленген өз милдеттенмелерин аткарылышына баяндама жасоого арналат.

## ОБСЕНИН ЭКОНОМИКАЛЫК ФОРУМУНДА БОЛУП ӨТКӨН ЖОЛУГУШУУЛАРДЫН ТЕМАСЫ

**2004-жыл, 12-ЭФ**: “Экономикалык өнүктүрүү жана кызматташтык таламында институттук жана адамдык потенциалды арттыруу жагындагы жаңы эрөөлдөр”

**2003-жыл, 11-ЭФ**: “Адамдарды, баңгизаттарды, жеңил жана ок атуучу куралдарды сатуу: анын улуттук жана эларалык деңгээлиндеги экономикалык залалдары”

**2002-жыл, 10-ЭФ**: “ОБСЕнин өңүтүнөн сууну туруктуу пайдалануу жана суу ресурстарынын сапатын кайтаруу жагындагы кызматташтык”

**2001-жыл, 9-ЭФ**: "Экономикалык маселелерде транспаренттүүлүк жана мамлекеттик башкаруунун талаптагыдай тажрыйбасы"

**2000-жыл, 8-ЭФ**: "Жаңжалдардан кийинки экономикалык аспекттер: кайра түзүүнүн татаал милдеттери"

**1999-жыл, 7-ЭФ**: "Курчап турган чөйрөнүн коопсуздукка байланышкан маселелери"

**1998-жыл, 6-ЭФ**: "ОБСЕ регионунда энергетиканы өнүктүрүүнүн коопсуздукка байланышкан маселелери"

**1997-жыл, 5-ЭФ**: "Рынок экономикасы жана мыйзамдын үстөмдүгү»

**1996-жыл, 4-ЭФ**: «Коопсуздуктун экономикалык аспекттери жана ОБСЕнин ролу»

**1995-жыл, 3-ЭФ**: «Региондук, субрегиондук жана трансчегаралык кызматташтык, соодага жана инвестицияларга дем берүү, инфраструктураны өнүктүрүү»

**1994-жыл, 2-ЭФ**: «Демократиялуу рыноктук экономикага өтүү процесси»

**1993-жыл, 1-ЭФ**: «Демократиялуу рыноктук экономикага өтүү процесси».

## ДОЛБООРДУ КОЛДОО ТОБУ

«Экинчи өлчөм» жагындагы долбоор боюнча иштин маанисинин кескин өскөндүгүнө байланыштуу Координатордун бюросу долбоорлорду колдоо Тобун (ДКТ) уюштурган. Анын милдетине Бюронун курамында жана жер-жерлерде иштеген долбоорлор боюнча кызматкерлерге жардам көрсөтүү, долбоорлорду иштеп чыгууга, отчетторду даярдоого жана каражаттарды мобилизациялоого жардам көрсөтүү кирет.

Топ жер-жерлердеги түзүмдөрдүн жана БКДЭОСтун ортосунда билимдерди жана тажрыйба алмашууга дем берет жана колдо бар тажрыйбаларды сактоо жана үлгүлүү долбоорлорду эсепке алуу менен иш-чараларды жолун жолдоочулугун камсыз кылат.

Ар жылдык доклад ОБСЕнин Экономикалык форумундагы жолугушууда даярдалат

Андан тышкары, БКДЭОСтун иши жөнүндө билдирүү "ОБСЕ" журналында туруктуу жарыяланып турат.




БКДЭОС жөнүндө кыйла кеңири маалыматты www.envsec.org/eea сайтына кирүү менен алууга болот

**Экономика жана курчап турган чөйрө жагындагы ОБСЕнин ишинин Координаторунун бюросу**

БКДЭОС/ОБСЕ катчылыгы Karntner Ring 5-7 A-1010 Vienna, Austria
Тел.: (+43-1) 514 36 151 Факс: (+43-1) 514 36 96 Эл. Почта: pm-ceea@osce.org